Управление Организации Объединенных Наций
по наркотикам и преступности
Программный офис в Кыргызской Республике



Кыргыз Республикасынын ИИМинин Адамдарды сатуунун курмандыктарын аныктоо жана багыттоо боюнча коомдук коопсуздук кызматынын участкалык ыйгарым өкүлдөрү жана жаш өспүрүмдөр менен иштөөчү инспекторлору үчүн

# ЧӨНТӨК КИТЕПЧЕ

БИШКЕК 2023

Кыргыз Республикасынын ИИМинин Адамдарды сатуунун курмандыктарын аныктоо жана багыттоо боюнча коомдук коопсуздук кызматынын участкалык ыйгарым өкүлдөрү жана жаш өспүрүмдөр менен иштөөчү инспекторлору үчүн

# ЧӨНТӨК КИТЕПЧЕ

БИШКЕК 2023

# МАЗМУНУ

**1. Адамдарды сатууга каршы аракеттенүүнүн укуктук негиздери ........... 3**

*1.1. «Адамдарды сатуу» терминин эл аралык-укуктук документтерге ылайык аныктамасы ........................................................................................ 3*

*1.2. Адамдарды сатуу боюнча улуттук мыйзамдар ........................................ 13*

**2. Адамдарды сатуунун жазык-укуктук мүнөздөмөсү ............................. 16**

**3. Жаш өспүрүмдөр менен иштөөчү инспектордун адамдарды сатуу фактылары аныкталган учурдагы иш-аракеттери .................................... 21**

**4. Милициянын участкалык ыйгарым өкүлүнүн адамдарды сатуу фактысы аныкталган учурдагы иш-аракеттери ........................................ 25**

**5. Зомбулукка кабылган балдарга кызмат көрсөтүүнүн жана жардам берүүнүн принциптери менен стандарттары ............................................ 30**

**6. Зомбулукка кабылган аялдарга негизги кызмат көрсөтүүлөрдүн универсалдуу ыкмалары ...................................................................... 35**

**Сунушталган адабияттын тизмеси ......................................................... 37**

*Тиркеме: Адамдарды сатуудан жабыркагандар менен иш алпарган бейөкмөт уюмдарынын даректери жана байланыш маалыматтары ........................................................................... 38*

# 1. АДАМДАРДЫ САТУУГА КАРШЫ АРАКЕТТЕНҮҮНҮН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. «Адамдарды сатуу» терминин эл аралык-укуктук документтерге ылайык аныктамасы

2021-жылдын сентябрында «The Global Organized Crime Index – 2021» Трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы глобалдык демилге адамдарды сатууну дүйнөлүк масштабда алгачкы ирет марихуана (кара куурай) сатууга, мыйзамсыз курал-жарак сатууга, мыйзамсыз миграцияны уюштурууга, кокаин сатууга жана башка уюшкан кылмыштуулуктун формаларына салыштырмалуу эң ири жана кеңири жайылган криминалдык рынок катары тааныган.

Адамдарды сатуу оор кылмыш болуп саналат жана инсандын коопсуздугуна, экономикалык туруктуулукка жана мамлекеттин улуттук коопсуздугуна уюшкан кылмыштуулук тарабынан олуттуу коркунуч жаралышына алып келет.

Ушуга байланыштуу дүйнө жүзүндө адамдарды сатууга каршы күрөшкө жана бул процесске мамлекеттик органдарды, эл аралык жана коомдук уюмдарды аралаштырууга олуттуу көңүл бурулууда.

Кыргыз Республикасы да бул процесстен четте калбастан, адамдарды сатууга каршы күрөштө өзгөчө милдетти укук коргоо органдарына жүктөөдө, канткен менен кылмыштуу ишмердиктин бул түрүнө бөгөт коюунун натыйжалуулугу көбүнесе ушул органдардын ишинин натыйжалуулугуна көз каранды эмеспи.

2003-жылы[1] Кыргыз Республикасы БУУнун Трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы конвенциясын[2] жана аны толуктаган эки Протоколду: Адамдарды, айрыкча – аялдар менен балдарды сатуунун алдын алуу жана ага бөгөт коюу жана бул үчүн жазалоо жөнүндө протоколду[3] жана 2000-жылдын 15-декабрында кабыл алынган Мигранттарды кургактык,

*1. «Кыргыз Республикасынын 2000-жылдын 15-ноябрындагы №74 БУУнун Трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы конвенциясын ратификациялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.*

*2. БУУнун Трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы конвенциясы Башкы Ассамблеянын 2000-жылдын 15-ноябрындагы 55/25 резолюциясы менен кабыл алынган.*

*3. 2000-жылдын 15-декабры.*

деңиз жана аба жолдору аркылуу мыйзамсыз алып кирүүгө каршы протоколду[4] ратификациялаган.

2005-жылы аталган Конвенция протоколдору менен бирге ратификациялангандан кийин «Адамдарды сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган» жана анда биринчи ирет улуттук деңгээлде «адамдарды сатуу» деген терминдин аныктамасы: анын макулдугу менен же макулдугусуз коркутуу, күч колдонуу же мажбурлоонун башка түрлөрүн колдонуу, шантаж, уурдоо, алдамчылык, алдоо, бийликти же абалдын алсыздыгын кыянаттык менен пайдалануу жолу менен, же болбосо эксплуатациялоо максатында аны көзөмөлдөгөн адамдын макулдугун алуу үчүн төлөм же пайда сунуштоо жолу менен азгырма жалдоо, ташуу, жашыруу, алуу, кабыл алуу же адамды өткөрүп берүү катары белгиленген.

Палермо протоколунда берилген концепция адамдарды сатууну глобалдык масштабдагы кубулуш жана жазык кылмышы катары түшүнүүнү жалпылайт. Анткен менен, Палермо протоколу улуттук юрисдикцияларда түздөн-түз колдонулбагандыктан, өлкөлөр анын 3-беренесинде аныкталган жүрүм-турумду өздөрүнүн улуттук мыйзамдарында криминалдаштырышы талап кылынат. Палермо протоколунда белгиленген стандарттар башка эл аралык мыйзамдарда да, анын ичинде Европа Биримдигинин укуктук базасында да өркүндөтүлгөн.

Улуттук мыйзамдарда Палермо протоколунда колдонулган аныктамаларды так сактоо боюнча талаптар коюлган эмес, бирок Палермо протоколунун минималдуу стандарттары мамлекеттин ички мыйзамдарында каралган деңгээлден төмөн болбошу керек. Улуттук мыйзамдар ички укуктук тутумдарга шайкеш ыңгайлаштырылууга тийиш, бирок Палермо протоколунун 3-беренесинде аныкталган жүрүм-турумга улуттук мыйзамдар тарабынан уруксат берилишине жол берилбеши керек.

Бүгүнкү күндө «адамдарды сатуу» жана «заманбап кулчулук» деген терминдер көбүнчө синоним катары колдонулууда, анткени Палермо протоколуна ылайык ***«адамдарды сатуу» - коркутуу, күч колдонуу же мажбурлоонун башка түрлөрүн пайдалануу, шантаж, уурдоо, алдамчылык, алдоо, бийликти же абалдын алсыздыгын кыянаттык менен пайдалануу жолу менен, же болбосо эксплуатациялоо максатында аны көзөмөлдөөчү адамдын макулдугун алуу үчүн төлөм же пайда сунуштоо жолу менен азгырма жалдоо, ташуу, жашыруу, алуу, кабыл алуу же адамды өткөрүп берүү катары белгиленген.***

*4. «2005-жылдын 17-мартындагы №55 «Адамдарды сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.*

**Эксплуатация** бери эле дегенде башка адамдарды сойкулукка мажбурлоону же сексуалдык эксплуатациялоонун башка түрлөрүн, эмгек эксплуатациясын, мажбурлап иштетүүнү же кызмат көрсөтүүнү, кулчулукту же кулчулукка окшош каада-салттарды, эрксиз абалды же дене органдарын кесип алууну камтыйт.

Адамдарды сатуу кылмышы үч негизги альтернативалуу элементтердин айкалышы менен аныкталат:

**1 – Кылмыштуу иш-аракеттер** (эмне жасалып жатат?).

Адамдарды азгыруу, ташуу, жашыруу, кабыл алуу же өткөрүп берүү.

**2 – Таасир этүү каражаттары** (бул кандайча жасалууда?).

**3 – Эксплуатациялоо максаты** (бул эмне үчүн жасалууда?).




**Кылмыштуу иш-аракеттер.** Адамдарды сатуунун курамдык элементтеринин биринчи тобу кылмыштуу иш-аракеттердин: адамдарды азгыруу, ташуу, өткөрүп берүү, жашыруу же кабыл алуунун альтернативдүү тизмесин билдирет. Кылмыштуу иш-аракеттер улуттук мыйзамдарга жараша айырмаланышы мүмкүн. Айып коюлган учурларда ар бир элемент далилденүүгө тийиш, жазык кылмышы жазаланышы үчүн альтернативдүү кылмыш иш-аракеттеринин бирин көрсөтүү жетиштүү болот.

Адамдарды сатуу кылмышынын курамы формалдуу мүнөзгө ээ, тактап айтканда, алардын сөзсүз түрдө кесепеттери болот дегенге болбойт. Адамдарды сатуу кылмышы бир же бир нече альтернативдүү кылмыштуу иш-аракеттер жасалып, алардын кесепеттери кылмышты квалификациялоо үчүн мааниге ээ эмес болгон учурда аягына чыгарылган деп эсептелинет.

Адатта адамдарды сатуу азгыруу деп аталган ыктымалдуу курмандыктарга аңчылык кылуу ишинен башталат.

**Азгыруу** – адамдын эркине шек келтирүү жана аны кийинчерээк эксплуатациялоо максатында өзүнүн же башка адамдын көзөмөлүндө калтыруу үчүн кандайдыр бир иш-аракеттерди жасоого (макулдук берүүгө, келишим түзүүгө, чет өлкөгө чыгууга ж.б.) түрткү берүү.

Курмандык тикелей түрдө, же Интернетте (чат, оюн сайттары ж.б. аркылуу), жакын достору же үй-бүлө мүчөлөрү ынандыруусунан улам, жакшы сыйлыктарды сунуштаган ар кандай жарнамалардын жардамы менен ж.б. азгырууга дуушар болушу мүмкүн.

Адам кийин ал эксплуатациялана тургандыгын ачык айтуу же жашырып коюу жолу менен азгырылышы ыктымал. Адамдарды сатуучунун эксплуатациялоо фактысын жана өзүнүн чыныгы ниетин жашырып коюшу алдамчылыктын каражаты болуп саналат. Натыйжада, курмандык аң-сезимдүү түрдө чечим кабыл ала албайт жана адамдарды сатуучу тарабынан айтылган сунуштардын опурталдуулугун баалай албай калат.

Азгыруу этабында азгыруучу курмандыкка майда чыгымдары үчүн акча берет, кийим-кече, тамак-аш алуу, турак-жай табуу боюнча жардам көрсөтөт. Курмандык анын талаптарына баш ийүүдөн баш тарткан учурда азгыруучунун жүрүм-туруму өзгөрөт. Андан кийин азгыруучу жана аны менен байланышта болгон адамдар курмандыкка жана (же) анын жакын туугандарына зыян келтирем деп коркутуп, шантаж кылат, дене-бойлук зомбулук көрсөтөт.

**Ташуу** деген адамды эксплуатациялоо максатында бир жерден экинчи жерге көчүрүп барууну (физикалык түрдө жер которушу) билдирет. Бул иш-аракеттер адамды автоунаада же башка транспорт каражатында алып жүрүү, аны учакта, поездде ж.б. коштоп жүрүү жолу менен ишке ашырылышы мүмкүн. Эгер бул адамдарды сатуучулар тарабынан алдын ала пландалып, аныкталган иш болбосо, жабырлануучунун бир жерден экинчи жерге өз алдынча барган учурлары адамды ташуу болуп саналбайт.

Адамдарды сатуу өлкөнүн ичинде (адамдарды өлкө ичинде сатуу) жана чек арадан өтүү менен (адамдарды эл аралык сатуу) болушу мүмкүн.

- келген өлкө;
- транзит өлкө;
- бара турган өлкө.

Мында бир эле өлкө бир эле учурда эки, ал тургай, бардык үч категорияга тең кирип калышы мүмкүн. Мисалы, Кыргызстан бүгүнкү күндө үч категорияга тең кирет.

Эгер адамды же адамдардын тобун кийин эксплуатациялоо же эксплуатация кылуучуларга өткөрүп берүү максатын көздөбөстөн мамлекеттик чек ара аркылуу алып өтүшсө, мындай ташуу адамдарды сатуу болуп эсептелбейт, бирок эгер адам же адамдардын тобу мамлекеттик чек ара аркылуу мыйзамсыз негизде жана кийин аларды эксплуатациялоо же эксплуатациялоо үчүн сатуу максатында өткөрүлгөн болсо, мындай иш-аракеттер кылмыштуу иш-аракеттердин жыйындысы катары каралууга тийиш.

**Таасир этүү каражаттары.** Бул кылмыштын зарыл белгиси – ал инсандын эркиндигине карама-каршы келет жана жабырлануучунун эркине шек келтирүүгө, аны башкарууга жана эксплуатациялоого мүмкүндүк берген кара ниеттик менен таасир этүүгө байланышкан. Альтернативдүү кылмыштуу иш-аракеттер адамдын эркине таасир этүүнүн жок дегенде бир альтернативдүү каражатын, айталы, күч колдонуу же күч колдоном деп коркутууну же мажбурлоонун башка түрлөрүн, уурдап кетүүнү, алдамчылыкты, алдоону, кызмат абалын же аялуу абалынан пайдаланууну же башка адамды көзөмөлдөгөн адамдын макулдугун алуу үчүн төлөм же пайдаларды берүүнү же алууну колдонуу менен ишке ашырылышы керек.

Аялуулук адамдын башка ылайыктуу тандоосу жок болгондуктан улам ал адамдарды сатуучу сунуштаган шарттарды кабыл алган жагдайды билдирет.

**Аялуулук мындай жагдайдын төмөнкүдөй мүнөздөмөлөрүнүн бири же бир нечеси менен сүрөттөлөт:**

- оор каржылык абал;
- кичинекей бала же жашы жете элек өспүрүм;
- ар кандай психикалык жана жүрүм-турумдук бузулуулар;
- начар билим;
- социалдык көндүмдөрдүн жоктугу;
- ар кандай өз карандылык (мисалы, баңгизаттар, алкоголь);
- өлкөдө мыйзамсыз жүрүү ж.б.

Мындай аялуулук абалы мурдатан эле болушу мүмкүн же болбосо аны адамдарды сатуучу жаратышы ыктымал, бул учурда мындай жагдай адамдарды сатуучуга көз каранды болуу деп аталат.

**Мурдатан болгон аялуулук абалы төмөнкүлөргө байланыштуу болушу мүмкүн:**

- жакырчылыкка;
- акыл-эстик же дене-бойлук майыптыкка;
- жаш же кары болгондугуна;
- жынысына;
- кош бойлуулугуна;
- маданиятына;
- тилине;
- ишенимине;
- үй-бүлөлүк абалына же жөнгө салынбаган макамына.

**Кийин жаралган аялуулук төмөнкүлөргө байланыштуу болушу мүмкүн:**

- социалдык, маданий же тилдик обочолонууга;
- стандарттык эмес макамга;
- баңгизатка байланып калуудан улам жаралган көз карандылыкка.

Аялуулук абалынын болушун курмандыктын жеке, жагдайлык же кыйыр абалын эске алуу менен ар бир учур боюнча жеке мүнөздө баалаган жакшы. Мисалы, жеке аялуулук курмандыктын дене-бойлук же акыл-эс жагынан мандеми болушуна байланышкан болушу мүмкүн. Жагдайлык аялуулук адамдын социалдык же тилдик обочолонууга мажбур болгон чет мамлекетте жүрүшүнө байланыштуу болушу ыктымал. Кыйыр аялуулук болсо адамдын жумушсуздугуна же каржылык кыйынчылыктарынан улам жаралышы мүмкүн.

Азгырылгандан кийин аялуу абалдагы курмандык адамдарды сатуучуга көз каранды болуп калат, ал курмандыктын аялуулугунан жана анын адамдарды сатуучунун мыйзамсыз талаптарына туруштук бере албастыгынан пайдаланууга ниеттенет. Көз каранды болуу деген жабырлануучунун бакубаттуулугу (абалы) ага үстөмөндүк кылуу артыкчылыгы бар болгон башка адамдын эркине көз каранды болгон жагдайды билдирет.

**Адамдын көз каранды болушунан пайдалануу -** жабырлануучу белгилүү бир көйгөйлөрдү болтурбоо үчүн адамдарды сатуучунун эркине баш ийүүгө тийиш болгон жагдай, ошондой эле мында жабырлануучуну кандайдыр бир аракеттерди жасатууга же жасатпай коюуга мажбурлоо максатында ага каршы мыйзамдуу каражаттарды колдонуу же колдоном деп коркутуу аркылуу аны коркутуп алууга умтулуу аракеттери жасалган жабырлануучунун эркин майтаруу ыкмасы болуп саналат.

Курмандыктын аялуу болушун аныктоо адамдарды сатуу жөнүндө иштин көптөгөн аспектилери үчүн маанилүү болуп саналат. Биринчиден, аялуу болуу курмандыктарды идентификациялоодо маанилүү көрсөткүч катары кызмат кылышы мүмкүн. Экинчиден, аялуулугун так баалоо курмандыктын өзгөчө муктаждыктарын аныктоого жана ага тийиштүү жардам көрсөтүлүп, коргоого алынышын камсыз кылууга жардам берет.

Ошентсе да, жабырлануучунун аялуулугун далилдеп коюу  жетишсиз, жазык куугунтугунда анын ушундай абалынан пайдаланып кетүү ниети болгондугун далилдөө талап кылынат. Далилденген аялуулуктун болушу ыктымалдуу курмандыктын эркине мыйзамсыз таасир этүүнүн каражаты катары аялуулук абалынан пайдаланып кетүү боюнча айыптоо үчүн жетишсиз болуп саналат. Мында курмандыктын өзүнүн аялуу болгондугунан улам субъективдүү коркуу сезимин эмес, адамдарды сатуучунун ниетинин максаттуулугун баса белгилөө зарыл. Адамдарды сатуучунун ниети – курмандыкты каржылык пайда көрүү максатында эксплуатациялоо үчүн анын аялуу абалынан пайдалануу болушу керек.

Мындай учурларда аялуулуктун болушу да, бул аялуулуктан кыянаттык менен пайдаланып кетүү да ынанымдуу далилдер менен ырасталышы керек. Зомбулук жетишерлик деңгээлдеги олуттуу мүнөзгө ээ болууга тийиш, бул курмандыктын жападан-жалгыз гана реалдуу жана кабыл алынууга ылайык вариант экендигине ынануусун аныктай алгыдай болушу керек.

**Ошентип, адамдарды сатууга байланышкан жазык кылмышынын материалдык элементи катары төмөнкүлөрдү белгилеп койсо болот:**

**1 – аялуулуктун болушу**  – ыктымалдуу курмандыктын башка ылайыктуу варианты болбогондуктан улам ал адамдарды сатуучунун шарттарын кабыл алууга мажбур болгон жагдай;

**2 – ушул аялуулуктан кыянаттык менен пайдалануу** – ыктымалдуу курмандыктын аялуу абалда болушу адамдарды сатуучу тарабынан атайылап эксплуатациялоо максатында пайдаланылат.

Аялуу абалынан кыянаттык менен пайдалануу иши адамдын жеке, жагдайлык же кыйыр аялуу абалда болушун ал адамды азгыруу, ташуу, өткөрүп берүү, жашыруу же бул адам өзүн адамдарды сатуучунун эркине

баш ийүүдөн башка жеткиликтүү эч кандай реалдуу же ылайыктуу вариантым жок деп эсептеген абалда аны эксплуатациялоо максатында өткөрүп алуу үчүн атайылап пайдаланып кеткен учурда орун алат.

Жабырлануучунун өзүндө реалдуу же ылайыктуу тандоом жок деген ынанымы акылга сыярлык болгондугун аныктоодо жабырлануучунун жеке мүнөздөмөлөрүн жана жагдайларын эске алуу зарыл.

**Эксплуатациялоо максаты.** Адамдарды сатуу жөнүндө иште зарыл болгон менталдык элемент - бул адамдын курмандыкты эксплуатациялоо максатында материалдык иш-аракеттерди жасашы болуп саналат. Палермо протоколунда «эксплуатация» аныктамасы камтылган эмес, анын ордуна улуттук мыйзамда криминалдаштыруунун минималдык стандартын белгилеген эксплуатациянын ар кыл формаларынын тизмеси берилген: «Эксплуатация, бери эле дегенде, үчүнчү тараптын сойкулукту эксплуатациялоосун же сексуалдык эксплуатациянын башка түрлөрүн, мажбурлап иштетүүнү же кызмат көрсөтүүнү, кулчулукту же кулчулукка тете каада-салттарды, эрксиз абалда болууну же органдарды кесип алууну камтыйт».

Эксплуатациянын тизмеси улуттук мыйзамдарга жараша өзгөрүп турушу мүмкүн жана мажбурлап никеге туруу, мыйзамсыз асырап алуу ж.б. үчүн кылмыштуу максатта эксплуатациялоону камтышы ыктымал. Ал ошондой эле мажбурланган тилемчиликти камтыйт жана аны адамдарды сатуунун курмандыгын анын эркине каршы тилемчилик кылууга мажбурлаган жана ага түшкөн акчалай каражаттар (же башка каалагандай пайда) эксплуатациялоочуларга өткөрүлүп берилген, же болбосо баланы тилемчилик кылуу үчүн эксплуатациялап, ал алган акчалай каражаттарды (же башка каалагандай пайданы) же алардын бир бөлүгүн алып коюу менен мажбурлап иштетүү же кызмат көрсөтүү формасы катары аныктайт.

Эксплуатациялоонун формаларынын тизмеси толук болбогондуктан, эксплуатациянын бардык формалары мыйзамдарда түздөн-түз көрсөтүлүшү мүмкүн эмес, антсе да курмандыкты эксплуатациялоо ниети далилденүүгө тийиш.

**Сексуалдык эксплуатация** адамдарды сатууга байланышкан эксплуатациянын эң кеңири таралган түрү же, жок эле дегенде, эң көп иликтенип, куугунтукка алынган түрү болуп эсептелет. Сексуалдык эксплуатациялоо максатында адамдарды сатуу жакшы изилденген жана эксплуатациянын башка формаларына салыштырмалуу аны иликтөө жана соттук тартипте ийгиликтүү куугунтукка алуу жеңилирээк болуп саналат.

Мажбурлап иштетүү дагы адамдарды сатууга карата эксплуатациялоонун кеңири таралган максаты болуп саналат. Бул Палермо протоколунда гана эмес, жалпысынан улуттук мыйзамдарда да каралган. Ошентсе да, тийиштүү адистер мажбурлап иштетүүнү аныктоодо жана

соттук куугунтуктоого алууда, ошондой эле эмгектин начар шарттарын мажбурлап иштетүү үчүн адамдарды сатуудан айырмалаган чекти аныктоодо кыйынчылыктарга туш болушат.

Адамдарды сатуунун курмандыгы болгон адамдын дене органын, тканын же клеткасын алуу ниети аныкталган учурда адамдын органын, тканын же клеткасын трансплантациялоо, медициналык же башка изилдөө, эксперимент жүргүзүү ж.б. максатта мыйзамсыз алуу кылмыштуу иш-аракеттин максаты болуп саналат.


Курмандык органын, тканын же клеткасын алуу үчүн атайын эксплуатацияланат, ошондуктан орган, ткань же клетка мыйзамсыз алынган учурда эксплуатациянын башка түрү болушу мүмкүн эмес. Бул элемент боюнча айыптоо үчүн кылмышкер жабырлануучунун органын, тканын же клеткасын менчиктеп алуу максатын жеке өзү көздөгөндүгүн, же болбосо мындай максатты кылмыштуу иш-аракетти жасоого катышкан адамдар көздөгөндүгүн билгендигин аныктоо зарыл.

Мыйзамдар адамдын органын, тканын же клеткасын алуу мыйзамдуу болушу үчүн зарыл болгон маанилүү шартты аныктайт, ага ылайык бул иш-аракет донордун же анын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн макулдугу менен жасалууга тийиш. Эгер мындай макулдук жабырлануучудан кылмыштуу аракеттерди жасоо жана адамдын эркин басмырлоо каражаттарын колдонуу менен алынса, мындай кылмыштуу иш-аракет адамдарды сатуу катары квалификацияланат.

Адамдарды сатуу түрүндөгү кылмыш курмандыкты эксплуатациялоого ниет болгондугу далилденген шартта иш жүзүндө эксплуатациялоо болушун талап кылбайт. Бирок, иш жүзүндөгү эксплуатация мындай ниет болгондугунун ынанымдуу далили болуп бере алат. Адамдарды сатуу бул тизмектелген каражаттардын бирөөсү жабырлануучуну эксплуатациялоо максатында колдонулган курамдык иш-аракеттерди камтыйт. Курмандык адамдарды сатууга кошумча катары сойкулук, мажбурлап иштетүү, органын кесип алуу, тканын же клеткасын алып коюу жаатында эксплуатацияга туш болсо же бала порнография максатында колдонулса, мындай иш-аракеттер башкы жазык кылмышы болуп саналат жана кылмыштуу иш-аракеттердин жыйындысы катары кабылданат.

***Баланы эксплуатациялоо максатында азгыруу, ташуу, өткөрүп берүү, жашыруу же кабыл алуу ал баланын эркине таасир этүүнүн кандайдыр бир каражаты колдонулбаган күндө да адамдарды сатуунун жазык кылмышы болуп саналат.***

***Адамдарды сатуунун жашы жете элек курмандыктары жөнүндө сөз болгондо кылмыш эки элементтин айкалышы менен аныкталат. Кылмыштын курамын квалификациялоо үчүн кылмыштуу иш-аракет менен эксплуатациянын комбинациясын далилдеп берүү жетиштүү болуп саналат.***




**Адамдарды сатуунун жайылышына көмөктөшкөн көптөгөн факторлор бар:**

- муктаждык;
- башка жерде жашоонун жашыраак шарттарынын жагымдуулугу;
- ишке орношуу мүмкүндүгүнүн жоктугу;
- уюшкан кылмыштуулук;
- аялдар менен балдарга жасалган зомбулук;
- аялдарды басмырлоо;
- саясий туруксуздук;
- куралдуу жаңжалдар;
- салттуу кулчулук сыяктуу маданий каада-салттар;
- секс-индустрия жаатындагы кызмат көрсөтүүлөргө (анын ичинде балдар порнографиясы менен секс-туризм) жана арзан мыйзамсыз жумушчу күчүнө болгон суроо-талап.

**Кыргызстанда адамдарды сатуунун негизги болжолдонгон себептеринин катарына төмөнкүлөрдү киргизсе болот:**

- жарандардын оор экономикалык абалы жана жумушсуздук;
- чет өлкөдө ишке орношуу мүмкүндүктөрү жөнүндө маалымдуулуктун жетишсиздиги, миграциялык мыйзамдарды билбестик;

- чет жактардагы жашоо-турмушту туура эмес элестетип алуу;
- барган өлкөлөрдөгү арзан жумушчу күчүнө болгон суроо-талап;
- кылмыштуу топтордун жигердүү ишмердиги жана адамдарды сатуучуларды жетишсиз куугунтуктоо;
- үй-бүлөдөгү зомбулук.




## 1.2. Улуттук мыйзамдар жана адамдарды сатуу

2021-жылдын 11-апрелинде өткөн референдумда (жалпы элдик добуш берүүдө) кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын[5] 23-беренесине ылайык, адам укуктары жана эркиндиктери ажыратылгыс жана алар ар бир адамга төрөлгөндөн баштап таандык, алар абсолюттук, ажыратылгыс жана кимдир бирөөнүн кол салуусунан мыйзам жана сот аркылуу корголгон деп таанылат.

Адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет. Алар түздөн-түз колдонулат, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишинин мааниси менен мазмунун аныктайт.

*5. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (мындан ары – Конституция), 2021-жылдын 5-майында ишке киргизилген.*

Ошондой эле Конституциянын 24-беренесинде Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде жана өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылат деп белгиленген.

Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырланышы мүмкүн эмес.

Конституциянын 28-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасында кулчулукка, адамдарды сатууга жол берилбейт, балдардын эмгегин эксплуатациялоого тыюу салынат. Согуш, табигый кырсыктардын жана башка өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюуну, ошондой эле сот чечимин аткаруу тартибин кошпогондо, мажбурланган эмгекке тыюу салынат.

Кыргыз Республикасында адамдарды сатуу үчүн жазык жоопкерчилиги каралган, Жазык кодексинин[6] 166-беренесине ылайык, бул берененин санкциясында мүлкүн конфискациялоо менен 3 жылдан 11 жылга чейин эркинен ажыратуу жазасы белгиленген. Ошондой эле Жазык кодексине жаңы 167-берене (балдарды сатуу) киргизилип, бул берененин санкциясында мүлкүн конфискациялоо менен 5 жылдан 15 жылга чейин эркинен ажыратуу жазасы каралган.

**Кыргыз Республикасында адамдарды сатууга каршы аракеттенүү боюнча укуктук негиз төмөнкүлөрдү камтыйт:**

- «Адамдарды сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы»[7];
- Адамдарды сатуунун курмандыктарын кайра жиберүүнүн улуттук механизми[8];
- 2022-2025-жылдарга карата Кыргыз Республикасында адамдарды сатууга каршы күрөшүү боюнча улуттук иш-аракеттер планы[9].

*6. 2021-жылдын 28-октябрындагы №127 Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси.*
*7. 2005-жылдын 17-мартындагы №55 «Адамдарды сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.*
*8.Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-сентябрындагы №493 «Адамдарды сатуунун курмандыктарын кайра жиберүүнүн улуттук механизми жөнүндө» токтому.*
*9. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-апрелиндеги №227 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-2025-жылдарга карата Кыргыз Республикасында адамдарды сатууга каршы күрөшүү боюнча программасы жөнүндө» токтому.*

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министринин 2021-жылдын 10-ноябрындагы № 801 буйругу менен Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кызматкерлери үчүн адамдарды сатуунун курмандыктарын аныктоо, идентификациялоо жана кайра жиберүү боюнча нускама бекитилген.

Аталган Нускамада Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ар кандай бөлүмдөрүнүн иш-аракеттеринин алгоритми баяндалган:

Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин адамдарды сатууга каршы күрөшүүнүн алкагындагы милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) адамдарды сатуунун курмандыгынын – жабырлануучунун укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын мыйзамсыз кол салуулардан коргоону камсыздоо;

2) адамдарды сатуу жаатындагы кылмыштарды аныктоо, алдын алуу, бөгөт коюу жана бетин ачуу;

3) жабырлануучуну аныктоо, адамдарды сатуунун курмандыктарын идентификациялоо жана аларды жардам көрсөтүү үчүн кайра жиберүү;

4) адамдарды сатууга байланышкан жазык иштери боюнча сотко чейинки өндүрүштү ишке ашыруу.

# 2. АДАМДАРДЫ САТУУНУН ЖАЗЫК–УКУКТУК МҮНӨЗДӨМӨСҮ

*Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 166-беренесинде адамдарды сатуу үчүн жоопкерчилик каралган, мында адамдарды сатуу – бул коркутуу, күч колдонуу же башка формадагы мажбурлоо, шантаж, уурдоо, алдамчылык, алдоо жолу менен эксплуатациялоо максатында адамды макулдугу менен же макулдугу жок азгырып жалдоо, ташып жеткирүү, жаап-жашыруу, кабыл алуу же өткөрүп берүү деп аныкталган.*

Бул кылмыш Кыргыз Республикасынын Конституциясында кепилденген жарандардын жеке эркиндигине жана эмне менен алектене тургандыгын тандоо эркиндигине шек келтирет. Ар бир адам каалаган ишмердикти жана кесипти эркин тандап алууга укуктуу. Эмгек эркиндиги ар бир адамдын кандайдыр бир иш менен алектенбөөгө болгон укугун да билдирет. Демек, Кыргыз Республикасынын Конституциясында согуш учурунда, табигый кырсыктардын жана башка өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюуда, ошондой эле соттун чечимин аткарууда мажбурлап иштетүүгө жол бериле тургандыгы такталып жазылган.

Эмгек эркиндиги Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 42-беренесинин 1-пунктунда Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пактыга ылайык жарыяланган.

**Кылмыштын объектиси болуп** адамдын эркиндиги, анын жеке коопсуздугу, укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары, ар-намысы жана кадыр-баркы, жашаган жерин, ишин жана кесибин эркин тандоо укугу эсептелинет.

Кылмыштын объективдүү жагы анын макулдугу менен же макулдугусуз коркутуу, күч колдонуу же мажбурлоонун башка түрлөрүн колдонуу, шантаж, уурдоо, алдамчылык, алдоо, бийликти же абалдын алсыздыгын кыянаттык менен пайдалануу жолу менен эксплуатациялоо максатында азгыруудан, ташуудан, жашыруудан, кабыл алуудан же өткөрүп берүүдөн көрүнөт.

Курамы - формалдуу. Кылмыш иш-аракет (азгыруу, ташуу, кабыл алуу же өткөрүп берүү ж.б.) жасалган учурда аягына чыгарылган деп эсептелет.

Ошол эле учурда адамды эксплуатациялоонун максаты азгырууда, ташууда, кабыл алууда же өткөрүп берүүдө, ошондой эле ушул беренеде каралган башка актыларда милдеттүү белги болуп саналат.

**Кылмыштын субъектиси болуп** 14 жашка толгон акыл-эси соо адам саналат.

**Кылмыштын субъективдүү** жагы түздөн-түз ниеттенүү менен мүнөздөлөт, мотиви болуп жеке пайдасын көздөгөн жигер эсептелинет. Адам адамдарды сатып жаткандыгын аңдап-түшүнүп эле турат, адамдын жеке эркиндигине шек келтирүү түрүндөгү коомдук опурталдуу кесепеттерге алып келе тургандыгын алдын ала билет жана ошол кесепеттердин болушун каалайт. Субъективдүү тараптын милдеттүү белгиси болуп адамды эксплуатациялоо максатынын болушу саналат.

### Кылмыштуу иш-аракеттер: азгыруу, ташуу, жашыруу, кабыл алуу жана өткөрүп берүү

**Азгыруу** азгырылып жаткан адамдын макулдугун алууга багытталган каалагандай иш-аракеттер аткарылган учурда аягына чыгарылган болуп саналат, мында анын макулдугу алынганы же алынбаганы мааниге ээ эмес. Адамды сексуалдык эксплуатациялоо максатында азгырууну Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин (мындан ары – КР Жазык кодекси) 159-беренесинде каралган сойкулукка аралаштыруудан чектеп коюу зарыл. Бул жердеги айырмачылык кылмышкердин көздөгөн максатына, ошондой эле кылмыштуу кол салуунун объектине жараша аныкталат.

Биринчи кезекте күнөөлүү адамдын өзүнүн азгыруучу иш-аракеттеринин кесепеттерин так аңдап-түшүнө тургандыгын аныктап алуу керек. Эгер субъект өзү азгырып жаткан адам эрки чектелип, ал үчүн пайдалуу болбогон шартта башка адамдарга толук көз каранды болуп кала тургандыгын, тактап айтканда кул сыяктуу абалга кептеле тургандыгын айкын эле алдын ала билген болсо жана/ же жок дегенде бир альтернативдүү каражат колдонулган болсо, мындай азгыруу ошол адамды андан ары эксплуатациялоо максатында жасалган деп ишенимдүү түрдө жыйынтык чыгарылса болот.

Ал эми сойкулук менен алектенүүгө аралаштыруу түрүндөгү ортомчулук иш-аракеттерин жасаган кылмышкер мындай пайда алуудан башка максатты көздөбөйт, мында азгыруунун (аралаштыруунун) өзү ошол адамдын сойкулук менен алектенүүгө ыктыярдуу макулдук беришине негизделет, бул учурда эч кандай альтернативдүү каражат колдонулбайт жана ишмердигин алдын ала сүйлөшүлгөн шарттарда аткаруу жана ал үчүн акы алуу менен сутенер сойкулуктан түшкөн акыдан гана пайда көрөт.

Бул учурда азгырылып жаткан адам өзүнүн жеке эркиндиги боюнча бардык ыйгарым укуктарга ээ жана аны өзү каалагандай пайдалана алат. Ошентип, эгер адам азгыруу учурунда сойкулук менен алектенүүгө аралаштырууга гана ниеттенсе, мындай иш-аракеттерге КР Жазык кодексинин тийиштүү 159 же 160-беренелери боюнча жазыктык-укуктук баа берилүүгө тийиш, анткени сексуалдык эксплуатациялоо жана сойкулукка аралаштыруу максатында азгыруу үчүн жоопкерчиликти караган жазык мыйзамынын ченемдери КР Жазык кодексинин 22-беренесинде каралган атаандаштык абалында турат.

Сойкулукка аралаштыруу жана сойкулук менен бузукулукка көмөктөшүү КР Жазык кодексинин 166-беренесине карата атайын ченем болуп саналган эксплуатациялоонун бир түрү болуп саналат.

**Ташуу** адамды соодалоонун жана кийинчерээк эксплуатациялоонун предмети болуп калышы үчүн аны каалагандай ыкма менен бир жакка алпарууга байланышкан иш-аракет болуп саналат. Эгер ташуу иши жабырлануучуну Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу алып өтүү менен ишке ашырылса, анда күнөөлүүлөрдүн иш-аракетин КР Жазык кодексинин 166-беренесинин 2-бөлүгүнүн 5-пункту боюнча квалификациялоо керек. Ташуу сатуучунун өзү тарабынан да, башка адамдар тарабынан да ишке ашырылышы мүмкүн, ошондой эле ташылып жаткан адамды кимдир-бирөөнүн коштоосунда жеткирүү менен гана эмес, ал адам өз алдынча барышы үчүн ага бара турган жерге чейин жол жүрүү документтерин алып берүү менен да коштолушу ыктымал. Ташуу иши ал башталган учурдан тартып аягына чыгарылган деп эсептелет.

**Жашыруу** жабырлануучуну ташуу, өткөрүп берүү же аны таап албашы үчүн ыңгайлуу учур келгенге чейин бекитип кармоону (мисалы, адамды үйдүн жертөлөсүндө, чатырында кармоо) билдирет.

Адамды жашыруу жабырлануучуну кызыкдар тараптардан - туугандарынан, жакындарынан, жашырылган адамдын тагдырына кызыкдар болгон башка адамдардан, ошондой эле укук коргоо органдарынан өз көзөмөлүндөгү жайларда (батирлерде, сойкуканаларда, өндүрүштүк же адамдар жашоочу турак-жайларда ж.б.) же аймактарда (мисалы, айыл чарбасында эксплуатацияланып жаткан адамдардын түздөн-түз талаада жашашы) бекитип кармап турууга багытталган каалагандай иш-аракеттерди билдирет.

**Кабыл алуу** – адамды өткөрүп берүүнүн натыйжасында ал адамга ээлик кылууну билдирген иш-аракет болуп саналат. Адамды өткөрүп берүү адамдарды сатуудагы ортомчунун иш-аракеттеринен, ошондой эле жабырлануучуну ал азгырылгандан кийин башка адамдарга өткөрүп берүүдөн, «сатып алуучунун» өзү аны эксплуатациялоо же убактылуу жайгаштыруу, жашоо ж.б. үчүн ташып жүрүүсүнөн көрүнөт.

**Таасир этүү каражаттары.** Кылмыш жасоо ыкмасы адамдарды сатуу ишинин милдеттүү белгиси болуп саналат, ал жабырлануучуга коркутуу, күч колдонуу же мажбурлоонун башка түрлөрү, шантаж, уурдап кетүү, алдамчылык, алдоо түрүндө таасир этүүнү камтууга тийиш.

Адамды уурдоо аны жашыруун, ачык эле, же алдоо, же ишенимине кирип алып кыянаттык жасоо аркылуу кармап алууну жана анын туруктуу же убактылуу жашаган жеринен башка, күнөөлүү адам каалаган жана уурдалган адам андан ары өткөрүлүп бериле турган жерге алып барууу дегенди билдирет. Мында күнөөлүү адамдын иш-аракеттери КР Жазык кодексинин 165-беренеси (Адам уурдоо) менен бирге квалификациялоону талап кылбайт.

Бул учурда зомбулук колдонуу деп жабырлануучуга карата ар кандай иш-аракеттерди жасоо жеңил болушу үчүн, ереже катары, аны ур-токмокко алуу, кыйноо, мажбурлап мыйзамсыз эркинен ажыратуу, ден соолукка жеңил же анча оор эмес залал келтирүү ж.б. түрүндөгү дене-бойлук зыян келтирүү түшүнүлөт.

**Адамдарды сатууда коркутууларды колдонуу** - жабырлануучуга психикалык таасир этүүнү билдирет, ал ага карата кандайдыр бир дене-бойлук зомбулук көрсөтүү ниетин билдирүүдөн (айтуудан), б.а. кылмышкердин талаптарын аткаруудан баш тарткан учурда ур-токмокко алуу, денесине залал келтирүү, өмүрүнөн ажыратуу, тамак-ашсыз, суусуз калтыруу ж.б. жасайм деп опузалоодон турат. Мында коркутуу сөзсүз реалдуу мүнөздө болууга тийиш жана бул учурда Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 139-беренеси (Өмүргө жана ден соолукка коркунучтуу болгон зомбулук көрсөтөм деп опузалоо) боюнча кошумча айыптоо талап кылынбайт.

**Өмүргө жана денсоолукка коркунуч келтирген зомбулук көрсөтөм деп опузалоо –** бул өлтүрөм, денеге оор залал келтирем, адамдын өмүрү үчүн коркунучтуу айыккыс жугуштуу ооруну жугузам, ошондой эле зордуктайм же сексуалдык мүнөздөгү зомбулук көрсөтөм деп коркутуу.

**Шантаж** - жабырлануучуну күнөөлүү адамдын тигил же бул көрсөтмөлөрүн аткарууга мажбурлай турган жагдайды түзүүгө же жабырлануучуну анын өзүнө көз каранды болбогон себептер боюнча ал талаптарды аткаруудан баш тарта албаган абалга келтирүүгө багытталган мажбурлоонун дагы бир түрү болуп саналат. Мындай жагдайды түзүү жабырлануучунун жакын туугандарына зомбулук көрсөтөм деп опузалоо, анын мүлкүн жок кылам же зыян келтирем деп опузалоо, жабырлануучу сыр катары жашыргысы келген жана анын укуктары менен мыйзам тарабынан корголгон таламдарына (мисалы, асырап алуунун сырын ачуу ж.б.у.с.) олуттуу зыян келтириши мүмкүн болгон маалыматтарды ачыкка чыгарам деп коркутуунун негизинде ишке ашырылат.

**Материалдык көз карандылык** деп жабырлануучунун күнөөлүү адамдын толук же жарым-жартылай багуусунда болуу, ага таандык болгон турак-жайда мыйзамдын негизинде же ыктыярдуу макулдугу менен жашоо ж.б. түшүнүлөт.

**Башка көз карандылык** деп материалдык көз карандылык болбогон, бирок адамдын тандоосун чектеген жана жумушу, кызматы, окуусу боюнча баш ийүүгө, көзөмөл алдында болууга негизделген, ошондой эле тууганчылык көз карандылык орун алган каалагандай башка көз карандылык түшүнүлөт.

**Алдоо** - конкреттүү жагдайлар жана фактылар жөнүндө (жумуштун же ишмердиктин мүнөзү, жашоо-шарттары, эмгек акы ж.б) жалган, адаштырган маалыматтарды аң-сезимдүү түрдө билип туруп берүүгө же ачыктабоого, же жашырып коюуга негизделген  иш-аракет болуп саналат. Мында бул сыяктуу маалыматтарды ачыктоо курмандыктын чечим кабыл алуусу үчүн олуттуу мааниге ээ болгондуктан, курмандыкты өзүнүн тандоосундагы катачылыктан улам адамдарды сатуучунун өтүнүчүнө ылайык иш алпара тургандай абалга келтирүү максатын көздөйт. Курмандыкка ага карата жасалган бардык нерселер же айрым бир жагдайлар боюнча адаштыруучу маалыматтар берилиши мүмкүн.

# 3. ЖАШ ӨСПҮРҮМДӨР МЕНЕН ИШТӨӨЧҮ ИНСПЕКТОРДУН АДАМДАРДЫ САТУУ ФАКТЫЛАРЫ АНЫКТАЛГАН УЧУРДАГЫ ИШ–АРАКЕТТЕРИ

Жаш өспүрүмдөр менен иштөөчү инспектор өз компетенциясынын чегинде балдарды сатууга каршы күрөшүү боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ага жүктөлгөн милдеттерди аткарган балдар менен иштөө боюнча аймактык ички иштер органынын өкүлү болуп саналат.

Жаш өспүрүмдөр менен иштөөчү инспектордун ишмердиги Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин 2021-жылдын 1-декабрындагы № 876 «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын балдар арасындагы укук бузуулардын алдын алуу боюнча ишмердигин жакшыртуу чаралары жөнүндө» буйругунун жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарына ылайык, балдарды сатууга байланышкан кылмыштарды жасоо чөйрөсүндөгү криминогендик кырдаалдын өзгөрүшүнө ыкчам чара көрүүгө негизделип жүзөгө ашырылат.

Жаш өспүрүмдөр менен иштөөчү инспектордун адамдарды сатуунун курмандыктарына-жабырлануучуларына жардам берүү жана аларды багыттоо маселелери боюнча ишмердигинин координаторлору болуп кризистик борборлор менен бирге иш алпарган республиканын ички иштер органдарынын нөөмөт бөлүмдөрү эсептелинет, алардын негизги милдети – адамдарды  сатууга байланышкан кылмыштардан жабыркагандарга шашылыш жардам көрсөтүү болуп саналат («Түз байланыш» телефону - 1899).

**Жаш өспүрүмдөр менен иштөөчү инспектордун жабырлануучуларды аныктоо жана багыттоо боюнча милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:**

1. балдардын укуктары, эркиндиктери жана мыйзамдуу таламдары корголушун камсыз кылуу;
2. тейленүүчү административдик участоктун аймагында балдарды сатуу чөйрөсүндөгү кылмыштардын алдын алуу, болтурбоо, бөгөт коюу;

3. жабырлануучуну аныктоо жана ага жардам көрсөтүлүшү үчүн аны багыттоо, ошондой эле турмуштук оор жагдайда калган балдарды социалдык реабилитациялоо;
4. мыйзамдарда белгиленген компетенциянын чегинде тергөөгө чейинки текшерүүлөрдү жүргүзүү;
5. балдардын мыйзамды сыйлаган жүрүм-турумун калыптандыруу;
6. балдарды укук бузууларды жасоого аралаштыруу фактыларын аныктоо жана аларга бөгөт коюу.

**Балдарды сатууга байланышкан кылмыштар республиканын ички иштер органдарынын жашы жете электердин иштери боюнча инспектору тарабынан төмөнкү учурларда аныкталышы мүмкүн:**

1. түздөн-түз өз функцияларын аткаруунун жүрүшүндө, ошондой эле балдарды сатууга байланышкан кылмыштарды аныктоо боюнча алдын алуучу жана рейддик иш-чараларды жүргүзүүнүн жүрүшүндө;
2. түздөн-түз жарандардан же адамдарды сатуунун курмандыгы болгон баладан;
3. башка булактардан (бейөкмөт уюмдардан (мындан ары - БӨУ), жалпыга маалымдоо каражаттарынан (мындан ары - ЖМК), нөөмөт бөлүмүнөн) маалымат алуу жолу менен.

**Алдын алуучу же рейддик иш-чаралардын жүрүшүндө адамдарды сатуунун курмандыгы болгон бала аныкталганда, ошондой эле балдарды сатуу фактысы жөнүндө түздөн-түз жарандардан же адамдарды сатуунун курмандыгы болгон баладан маалымат алынган учурда жаш өспүрүмдөр менен иштөөчү инспектор төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү:**

1. келип түшкөн билдирүүнү текшерүү жана адамдарды сатуунун курмандыгы болгон балага карата же анын катышуусу менен кылмыш жасоо ыктымалдыгын аныктоо боюнча мыйзамда белгиленген тартипте чараларды көрүү;
2. адамдарды сатуунун курмандыгы болгон баланын өздүгүн текшерүү (өздүгүн ырастоочу документти сурайт, же аны аныктоого багытталган башка иш-аракеттерди жасайт);
3. адамдарды сатуунун курмандыгы болгон бала менен анын мыйзамдуу өкүлүнүн катышуусунда маектешип, адамдарды сатуунун белгилери бар-жок экендигин аныктоо, балдардын укуктарын, анын ичинде социалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу укугун түшүндүрүү жана адамдарды сатуунун курмандыгы болгон балага кызмат көрсөткөн социалдык коргоо органдарынын жана БӨУ, башка уюмдардын байланыш маалыматтарын берүү;

4 адамдарды сатуунун курмандыгы болгон баланын ден соолугуна жана коопсуздугуна болгон тобокелдиктерди баалоо, зарыл болгон учурларда кечиктирилгис медициналык же башка жардам көрсөтүү, ошондой эле анын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү;

5 кылмыш жасалган жердеги кылмыштын издерин сактоо боюнча чараларды көрүү;

6 рапорт түзүү жана КБРге каттоо, ошондой эле аткарылган иштер жөнүндө маалымат даярдап, түз баш ийген жетекчиликке маалымат берүү.

**Жабырлануучу катары таануу фактысын ырастоочу материалдар төмөнкүлөр жөнүндө маалыматты камтууга тийиш:**

1 кылмыш жасалган жер, убакыт жана жагдайлар;

2 кылмышкердин сырткы көрүнүшү жана аны аныктоого мүмкүндүк берген маалыматтар (эгер бар болсо) жана ал жашашы, жүрүшү же жашынышы мүмкүн болгон жерлер (эгерде алар арыз берүүчүгө белгилүү болсо), курал-жарагы бар-жок экендиги;

3 жабырлануучу балдардын денесинде, кийиминде калышы мүмкүн болгон кылмыштын издери;

4 эксплуатациялоо объектилеринин жайгашкан жери жана объектиде болушу мүмкүн болгон башка жабырлануучулар жөнүндө маалыматтар;

5 жабырлануучунун, ошондой эле анын жакын туугандарынын же жабырлануучу жөнүндө маалыматы бар адамдардын аныктоочу маалыматтары;

6 балдарды сатуунун белгилерине ылайык жүргүзүлгөн баалоонун натыйжалары;

7 жасалган кылмыштын кесепеттери жөнүндө.

Балдарды сатуунун бардык аныкталган фактылары боюнча, эгер балдарды сатуунун белгилери бар болсо, жаш өспүрүмдөр менен иштөөчү инспектор бардык жабырлануучуларды мыйзамдуу өкүлдүн жана психологдун катышуусу менен социалдык кызматтарды көрсөтүүчү уюмдарга жөнөтөт, ошол эле убакта КИБ менен ИИБ нөөмөтчүсүнө кабарлайт жана тийиштүү бейөкмөт уюмга маалымдайт. Балдарды медициналык-социалдык жардам көрсөтүү үчүн жиберүү жаш өспүрүмдөр менен иштөөчү

инспектор тарабынан өз демилгеси боюнча да, ошондой эле ички иштер бөлүмүнүн начальнигинин же аны алмаштырган адамдын көрсөтмөсү боюнча да жүзөгө ашырылат.

**Жаш өспүрүмдөр менен иштөөчү инспектор тарабынан чогултулган материалдар:**

1. сотко чейинки өндүрүштү баштоо үчүн себеп жана негиз боло алат;
2. тергөө жана соттук иш-аракеттерди даярдоо жана жүзөгө ашыруу үчүн пайдаланылса болот;
3. далилдерди чогултууну, текшерүүнү жана баалоону жөнгө салуучу жазык-процесстик мыйзамдардын талаптарына ылайык жазык иштери боюнча далилдөөдө пайдаланылса болот.

*Эскертме:*

**Балдарды сатуунун белгилери:**

1. баланын адамдарды сатуучуга көз каранды абалы, жабырлануучуга ырайымсыз мамиле жасалышы же анын аялуу абалда болушу;
2. анын эрки менен эсептешпестен эрксиз абалда кармап туруу;
3. туугандары менен байланышуу мүмкүндүгү болбошу;
4. жашоого жараксыз же ылайыкталбаган жерлерде болушу; чет өлкөлүк 18 жашка чейинки балдардын мыйзам боюнча алар үчүн жоопту болгон улуу курактагы адамдын коштоосуз жашоосу.

# 4. МИЛИЦИЯНЫН УЧАСТКАЛЫК ЫЙГАРЫМ ӨКҮЛҮНҮН АДАМДАРДЫ САТУУ ФАКТЫСЫ АНЫКТАЛГАН УЧУРДАГЫ ИШ-АРАКЕТТЕРИ

Милициянын участкалык ыйгарым өкүлү тейленүүчү административдик участоктогу ички иштер аймактык органынын негизги өкүлү болуп саналат, ал өз компетенциясынын чегинде адамдарды сатууга каршы күрөшүү боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарат.

Милициянын участкалык ыйгарым өкүлүнүн ишмердиги Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин 2022-жылдын 9-июнундагы № 448 «Кыргыз Республикасынын милициянын участкалык ыйгарым өкүлүнүн ишмердигин өркүндөтүү чаралары жөнүндө» буйругунун жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарына ылайык, адамдарды сатууга байланышкан кылмыштарды жасоо чөйрөсүндөгү криминогендик кырдаалдын өзгөрүшүнө ыкчам чара көрүүгө негизделип жүзөгө ашырылат.

Милициянын участкалык ыйгарым өкүлү адамдарды сатуунун курмандыктарын багыттоо жана аларга жардам көрсөтүү маселелери боюнча ишмердигинин координатору болуп республиканын ички иштер органдарынын тергөө бөлүмдөрү менен өз ара иштешкен нөөмөт бөлүмдөрү эсептелинет.

Милициянын участкалык ыйгарым өкүлүнүн адамдарды сатуу фактысы аныкталган учурдагы ишмердигинин максаты - адамдарды сатуунун курмандыгы болгон жабырлануучунун укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, ошондой эле тейленүүчү административдик участоктогу аталган чөйрөдөгү укук бузуулардын деңгээлин төмөндөтүү болуп саналат.

**Милициянын участкалык ыйгарым өкүлүнүн негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:**

1. адамдарды сатуунун курмандыгы болгон адамдын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу таламдарын укукка каршы кол салуулардан коргоону камсыз кылуу;
2. тейленүүчү административдик участканын аймагындагы адамдарды сатуу чөйрөсүндөгү кылмыштардын алдын алуу, болтурбоо, бөгөт коюу;
3. милициянын участкалык ыйгарым өкүлүнүн алдын алуучу каттоосунда турган адамдар тарабынан укук бузуулар болушун жекече мүнөздө алдын алуу;
4. мыйзамдарда белгиленген компетенциянын чегинде тергөөгө чейинки текшерүүлөрдү жүргүзүү;
5. жабырлануучуну аныктоо жана ага жардам көрсөтүлүшү үчүн жиберүү;
6. жарандардын жана уюмдардын укук бузуулардын алдын алууга катышуусун камсыз кылуу.

**Адамдарды сатууга байланышкан кылмыштарды республиканын ички иштер органдарынын участкалык ыйгарым өкүлү:**

1. түздөн-түз өз функцияларын аткаруунун жүрүшүндө, ошондой эле адамдарды сатууга байланышкан кылмыштарды аныктоо боюнча алдын алуучу жана рейддик иш-чараларды жүргүзүүнүн жүрүшүндө;
2. түздөн-түз жарандардан же адамдарды сатуунун курмандыгы болгон адамдан;
3. башка булактардан (бейөкмөт уюмдардан (мындан ары - БӨУ), жалпыга маалымдоо каражаттарынан (мындан ары - ЖМК), нөөмөт бөлүмүнөн) маалымат алуу жолу менен.

**Алдын алуучу же рейддик иш-чаралардын жүрүшүндө жабырлануучу аныкталган учурларда, ошондой эле адамдарды сатуу фактысы жөнүндө маалымат түздөн-түз жарандардан же жабырлануучудан түшкөн мезгилде милициянын участкалык ыйгарым өкүлүнүн кызматкери төмөнкүлөргө милдеттүү:**

1. келип түшкөн билдирүүнү текшерүү жана жабырлануучуга карата же анын катышуусу менен кылмыш жасоо ыктымалдыгын аныктоо боюнча мыйзамда белгиленген тартипте чараларды көрүү;
2. жабырлануучунун өздүгүн текшерүү (өздүгүн ырастоочу документти сурайт, же аны аныктоого багытталган башка иш-аракеттерди жасайт);
3. жабырлануучу менен маектешип, адамдарды сатуунун белгилери бар-жок экендигин аныктоо, адамдарды сатуудан жабыркаган адамга кызмат көрсөткөн мамлекеттик органдардын жана БӨУ, башка уюмдардын байланыш маалыматтарын берүү;
4. жабырлануучунун ден соолугуна жана коопсуздугуна коркунучту баалоого, зарыл болгон учурда шашылыш медициналык же башка жардам көрсөтүү боюнча чараларды көрүүгө, ошондой эле анын коопсуздугун камсыз кылуу;
5. жабырлануучуга анын укуктук макамын ырастоочу буюмдарды жана документтерди (бар болсо) андан ары иликтөөдө пайдалануу максатында сактоо зарылчылыгы жөнүндө эскертүү;
6. кылмыш жасалган жердеги кылмыштын издерин сактоо боюнча чараларды көрүү;
7. рапорт түзүү жана КБРге каттоо, ошондой эле аткарылган иштер жөнүндө маалымат даярдап, түз баш ийген жетекчиликке маалымат берүү.

**Чет өлкөлүк жаранга карата адамдарды сатууга байланышкан кылмыш жасалгандыгы жөнүндө билдирүү келип түшкөндө милициянын участкалык ыйгарым өкүлү арыз ээсинен кошумча түрдө төмөнкүлөрдү тактайт:**

1. чет өлкөлүктүн макамын ырастоочу расмий документтердин болушу;
2. кабыл алган уюмдун же адамдын маалыматтары;
3. жабырлануучунун же арыз ээсинин жашаган жери же убактылуу жашаган жери.

ИИБнын жетекчилигинин көрсөтмөсү боюнча Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Эл аралык кызматташтык башкармалыгынына маалымат берет.

**Жабырлануучу катары таануу фактысын ырастоочу материалдар төмөнкүлөр жөнүндө маалыматты камтууга тийиш:**

1. кылмыш жасалган жер, убакыт жана жагдайлар;
2. кылмышкердин сырткы көрүнүшү жана аны аныктоого мүмкүндүк берген маалыматтар (эгер бар болсо) жана ал жашашы, жүрүшү же жашынышы мүмкүн болгон жерлер (эгерде алар арыз берүүчүгө белгилүү болсо), курал-жарагы бар-жок экендиги;
3. аял жабырлануучунун денесинде, кийиминде калышы мүмкүн болгон кылмыштын издери;
4. эксплуатациялоо объектилеринин жайгашкан жери жана объектиде болушу мүмкүн болгон башка жабырлануучулар жөнүндө маалыматтар;
5. жабырлануучунун, ошондой эле анын жакын туугандарынын же жабырлануучу жөнүндө маалыматы бар адамдардын аныктоочу маалыматтары;
6. адамдарды сатуунун белгилерине ылайык жүргүзүлгөн баалоонун натыйжалары;
7. жасалган кылмыштын кесепеттери жөнүндө.

**Милициянын участкалык ыйгарым өкүлү тарабынан чогултулган материалдар:**

1. сотко чейинки өндүрүштү баштоо үчүн себеп жана негиз боло алат;
2. тергөө жана соттук иш-аракеттерди даярдоо жана жүзөгө ашыруу үчүн пайдаланылса болот;
3. далилдерди чогултууну, текшерүүнү жана баалоону жөнгө салуучу жазык-процесстик мыйзамдардын талаптарына ылайык жазык иштери боюнча далилдөөдө пайдаланылса болот.

*Эскертме:*

**Адамдарды сатуунун белгилери:**

1. жабырлануучунун адамдарды сатуучуга көз каранды болгон абалы, жабырлануучуга ырайымсыз мамиле жасалышы же анын аялуу абалда болушу;
2. анын эрки менен эсептешпестен эрксиз абалда кармалып турушу;
3. өз документтерин пайдаланууга же туугандары менен байланышууга мүмкүндүгү болбошу;
4. мыйзамдуу жол менен тапкан акчасын пайдалануу мүмкүндүгү болбошу;
5. жашоого жараксыз же ылайыкталбаган жерлерде болушу.

# 5. ЗОМБУЛУККА КАБЫЛГАН БАЛДАРГА КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮ ЖАНА ЖАРДАМ БЕРҮҮ ПРИНЦИПТЕРИ МЕНЕН СТАНДАРТТАРЫ

Зомбулукка кабылган балдар үчүн негизги кызмат көрсөтүүлөр саламаттык сактоо, социалдык кызматтар, укук коргоо органдары жана сот адилеттиги сыяктуу тармактар тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын негизги топтомун камтыйт. Бул кызмат көрсөтүүлөр, бери эле дегенде, зомбулукка кабылган ар бир баланын укуктарын, коопсуздугун жана бакубаттуулугун кепилдөөгө арналган.

Зомбулукка кабылган адамдарга кызмат көрсөтүү стандарттары «Зомбулукка кабылган аялдар жана кыздар үчүн негизги кызмат көрсөтүү топтомунда» чагылдырылган. Документ Бириккен Улуттар Уюмунун (мындан ары –БУУ) Глобалдык биргелешкен программасы тарабынан БУУ-Аялдар уюму, БУУнун Калкты жайгаштыруу фонду, Дүйнөлүк Саламаттык сактоо уюму, БУУнун Өнүктүрүү программасы, БУУнун Баңгизаттар жана кылмыштуулук боюнча башкармалыгы жана БУУнун Балдар фонду менен өнөктөштүктө даярдалган[10].

Негизги кызмат көрсөтүүлөр саламаттык сактоо, социалдык кызматтар, укук коргоо органдары жана сот адилеттиги сыяктуу жааттардагы кызмат көрсөтүүлөрдү, ошондой эле кызмат көрсөтүүлөрдү координациялоо боюнча жоболорду камтыйт. Ар бир тармак үчүн кызмат көрсөтүүнүн стан-

*10. Бириккен Улуттар Уюмунун уставы (1945-ж.); Адам укуктарынын Жалпы декларациясы (1948-ж.); Экономикалык, социалдык жана маданий укуктары жөнүндө эл аралык пакт (1966-ж.); Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (1966-ж.); Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыга Факультативдик протокол (1966-ж.); Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенция (1979-жыл); Аялдарга каратта зомбулукту жоюу жөнүндө декларацияга факультативдик протокол (1999-ж.); Аялдарга карата зомбулукту жоюу жөнүндө декларация (1993-ж.); Коопсуздук Кеңешинин 2000-жылдын 31-октябрындагы 4213-отурумунда кабыл алынган 1325 (2000) резолюциясы; Аялдар менен балдарды өзгөчө кырдаалдар учурунда жана куралдуу жаңжалдар мезгилинде коргоо жөнүндө декларация (1974-ж.); Баланын укуктары жөнүндө конвенция (1989-ж.); Баланан укуктары жөнүндө конвенцияга балдарды сатууга, балдар сойкулугуна жана балдар порнографиясына тийиштүү факультативдик протокол (2000-ж.).*

дарттары аныкталган, алардын максаты - зомбулук болгон учурларда аялдарга жана кыздарга жогорку сапаттагы комплекстүү кызмат көрсөтүлүшүн камсыздоо болуп саналат.

Аялдар менен кыздарга координацияланган, сапаттуу негизги кызмат көрсөтүүлөр жеткиликтүү болбошу алар мурдагыдай эле дене-бойлук жана психикалык зомбулуктун кесепеттеринен, анын ичинде каалабаган кош бойлуулуктан, депрессиядан, стресстен, кыжалат боло берүүдөн улам жаралган мандемдерден, курч дене-бойлук жаракаттардан, акушердик жана гинекологиялык абалдын оорлошуп кетүүсүнөн, баланын майыптыгына же өлүмүнө алып келген жаракаттардан азап чегиши уланып жатышына алып келүүдө.

Стандарттар Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган адам укуктары, аялдар менен балдардын укуктары жаатындагы эл аралык конвенциялардын негизинде иштелип чыккан.

**Зомбулукка кабылган балдар менен иш алпаруу стандарттары төмөнкү негиз салуучу принциптер менен мамилелерге негизденет:**

### 1 – УКУК КОРГООЧУЛУК ӨҢҮТТӨГҮ МАМИЛЕ:

Сапаттуу кызмат көрсөтүүгө укук коргоочулук өңүттөн мамиле кылуу мамлекет өзүнүн бардык органдары аркылуу балдардын укуктарын урматтоого, коргоого жана сактоого милдеттүү экендигин моюндайт. Балдарга карата зомбулук алардын адам укуктарынын, анын ичинде ден-соолукка, өнүгүүгө жана коркуу менен зомбулуксуз жашоого болгон укуктарынын түп-тамырынан бузулушу болуп саналат. Укук коргоочулук өңүттөн мамиле кылуу балдардын коопсуздугун жана бакубаттуулугун камсыз кылууну жана аларга урмат-сый менен жана аяр мамиле кылууну камтыйт. Ал ошондой эле колдо бар болгон кызмат көрсөтүүлөрдүн болушунча жеткиликтүү стандарттарына умтулууга чакырат.

### 2 – ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИКТИ ИЛГЕРИЛЕТҮҮ ЖАНА АЯЛДАРДЫН УКУКТАРЫ МЕНЕН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН КЕҢЕЙТҮҮ:

Бул принципке ылайык, аялдарга карата зомбулуктун түпкү себеби – аялдар менен эркектердин ортосундагы тарыхый жактан калыптанып калган теңсиздик болуп саналат. Балдар жаш курагынан улам зомбулукка кабылышат, алар зомбулукка туруштук бере алышпайт жана чоң адамдар же социалдык чөйрө тарабынан жасалган дене-бойлук, сексуалдык жана эмоционалдык зомбулуктун курмандыгы болушат. Аялга карата зомбулук болуп турган үй-бүлөдө балдар да зомбулуктан көп жабыр тартышат.

Ошондуктан, аялдар менен балдарга карата зомбулук жасалышына байланышкан көйгөйдү чечүү жашоонун бардык чөйрөлөрүндө гендердик теңчиликке жетишүүгө көз каранды болуп саналат. Буга байланыштуу кызмат көрсөтүүлөр аялдарга жана балдарга карата зомбулуктун ар кандай түрүнө чыдап жүрө берүүнү жоюуну же зомбулукту түп-тамырынан бери жок кылууну көздөйт. Кызмат көрсөтүүлөр аялдар менен балдар/ алардын мыйзамдуу өкүлдөрү өз алдынча чечим кабыл алууга, анын ичинде негизги кызмат көрсөтүүлөрдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алууга укугу болгон учурларда аялдардын эрки жана тандоосу болушун колдоого багытталган.

### 3 – БАСМЫРЛООНУ БОЛТУРБОО ЖАНА МАДАНИЙ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРДҮ САКТОО:

Бул принцип ар бир балага анын жынысына, расасына, улутуна, жашоо образына жана окуя болгон жагдайга карабастан татыктуу мамиле жасалышын камсыздайт. Кызмат көрсөтүү учурунда бардык жабырлануучуларга бирдей мамиле жасалууга тийиш. Практикада бул принцип өтө көп учурларда бузулууга дуушар болот, анткени көп учурда кызмат көрсөтүүчүлөр стереотиптүү түшүнүктөрүнө жетеленип, зомбулукка кабылган балдар буга өздөрү күнөөлүү, ошондой эле ата-энелер аларды зомбулук колдонуу менен тарбияласа болот, бул үй-бүлө ичиндеги иш жана буга кийлигишип кереги жок деп эсептешет.

### 4 – КООПСУЗДУК:

Бул принцип, биринчи кезекте, зомбулуктан жабыркаган балдарга, ошондой эле зомбулукка кабылышы мүмкүн болгон энелерге тиешеси бар болуп эсептелинет. Коопсуздукту камсыз кылуу жабырлануучуларды ыктымалдуу күнөөлүү адамдан токтоосуз обочолонтуп, алардын коопсуздугун баалоо менен зарыл болгон учурларда аларды коопсуз жайга жайгаштыруу ишин камтыйт. Кайрадан зомбулук жасалышы тобокелдигин азайтуу үчүн зордукчунун ыктымалдуу реакциясын да баалоо зарыл.

Ички иштер органдарынын жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлери зомбулук тобокелдиги жогору болгон учурда коопсуздукту камсыз кылуу боюнча токтоосуз атайын чараларды көрүүгө, мисалы, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды 48 саатка кармоону ишке ашырууга милдеттүү. Коопсуздукту сактоо принциби ошондой эле жабырлануучуларга кызмат көрсөткөн бардык кызматкерлерге да тиешелүү болуп саналат.

### 5 – КУПУЯЛУУЛУК:

Купуялуулукту сактоо - жабырлануучулардын коопсуздугун камсыз кылуу, андан аркы коркунучтарды жана/же зомбулукту болтурбоо жана

жеке мүнөздөгү маалыматтардын жайылышын болтурбоо үчүн маанилүү чара болуп саналат. Бул бардык учурларда өзгөчө мааниге ээ болот. Улуу курактагы жабырлануучуларга карата купуя маалымат менен бөлүшүү айрым маалыматтар башка кызматтарга маалымдалган макулдуктун негизинде берилиши мүмкүн экендигин, тактап айтканда, аялга кандай маалымат жана кимге берилээри түшүндүрүлүп, ал маалыматтын берилишине макулдугун бериши керек болот.

Балдарга зомбулук көрсөтүлгөн учурларда алардан ички иштер органдарына маалыматтарды берүүгө макулдугу талап кылынбайт. Кызмат көрсөтүүнүн бардык этаптарында купуялуулук сакталууга тийиш (жардам сурап кайрылган адам менен маектешүү учурунда үчүнчү жактардын болбошу, жабырлануучулардын жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн жашаган жана жүргөн жери жөнүндө маалыматка жетүүнү чектөө ж.б.). Балдарга карата зомбулук жасалгандыгы жөнүндө иштер жабык тартипте каралууга тийиш.

### 6 – МААЛЫМДУУЛУК:

Эл аралык стандарттар кызмат көрсөтүүчүлөр жабырлануучуларга/алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө мыйзамдык коргоо чаралары, социалдык, медициналык, юридикалык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат беришине көңүл бурат. Сексуалдык зомбулуктун курмандыгы болгон балдардын мыйзамдуу өкүлдөрү алгачкы 72 саат ичинде саламаттык сактоо уюмдарында жүргүзүлүп, акысыз негизде аткарыла турган жыныстык жол менен жугуучу инфекциялардын, АИВ-инфекциясынын жана каалабаган кош бойлуулуктун алдын алуу иш-чаралары жөнүндө милдеттүү түрдө маалымдоого тийиш.

Жабырлануучу /мыйзамдуу өкүлдөр психологиялык, юридикалык жардам алуу жана убактылуу жашоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу үчүн адистештирилген балдар борборлоруна кайрылуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө да маалымдалышы керек.

### 7 – АҢ-СЕЗИМДҮҮ ТАНДОО:

Жабыркаган балдарды аң-сезимдүү тандоо принциби алардын мыйзамдуу өкүлдөрү - ата-энелери же аларды алмаштырган адамдар аркылуу ишке ашырылат. Эгерде зомбулук мыйзамдуу өкүл тарабынан, мисалы, ата-энелер тарабынан жасалса, анда баланын мыйзамдуу өкүлү болуп балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган дайындалат.

### 8 – ЗОМБУЛУКТАН ЖАБЫРКАГАНДАРДЫН МУКТАЖДЫКТАРЫНЫН АРТЫКЧЫЛЫКТУУ БОЛУШУ:

Стандарттар жабырлануучулардын жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн муктаждыктарын эске алуунун маанилүүлүгүн белгилейт. Бул алардын каалоо-тилектерине баа берүүнү, алардын укуктарын жана кадыр-баркын сыйлоону камтыйт. Жардам сурап кайрылгандардын муктаждыктарына негизделген кызмат көрсөтүүлөр келтирилген зыянды азайтууга жана балдарды калыбына келтирүүгө жагымдуу таасирин тийгизе турган шарттарды түзүүгө багытталган эң мыкты ыкма болуп саналат.

### 9 – ЗОМБУЛУК ЖАСАГАН АДАМДЫ ЖООПКО ТАРТУУ:

Кызмат көрсөтүүлөр балдардын сот адилеттиги процесстерине катышуусун колдоого жана жеңилдетүүгө көмөктөшүүгө тийиш. Адилеттикти калыбына келтирүү үчүн жоопкерчилик балдарга эмес, мамлекетке жүктөлүүгө тийиш. Зомбулук жасагандарга карата жазадан кутула албоо принциби колдонулушу керек.

# 6. ЗОМБУЛУККА КАБЫЛГАН АЯЛДАРГА НЕГИЗГИ КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРГӨ УНИВЕРСАЛДУУ МАМИЛЕЛЕР

**Универсалдуу мамилелер төмөнкүлөрдү камтыйт:**

***1 – гендердик зомбулукка дуушар болгон аялдардын укуктарына багытталган мамиле*** алардын укуктарын урматтаган, коопсуздугун камсыз кылган, аларга урмат-сый менен мамиле кылган жана алардын кадыр-баркын аяр коргогон жагымдуу шарттарды түзүүнү билдирет. Бул мамиле төмөнкү жетектөөчү принциптерге негизделген:

- ***коопсуздук:*** биринчи кезекте, алардын коопсуздугун жана корголушун камсыз кылуу зарыл;
- ***купуялуулук:*** гендердик зомбулукка туш болгон аялдар кимге өз окуясын айтып бере аларын тандоо укугуна ээ болушу керек, маалымат алмашуу алардын маалымдалган макулдугу менен гана жүргүзүлүшү керек;
- ***урматтоо:*** кандай гана иш-аракет болбосун, алардын тандоосун, каалоолорун, укуктарын жана кадыр-баркын сыйлоону жетекчиликке алуу менен, биринчи кезекте, алардын башынан өткөн зомбулуктан калыбына келүүсүнө көмөктөшүү жана зарыл болгон жардамды берүү максатын көздөшү керек;
- ***басмырлоонун жоктугу:*** гендердик зомбулукка дуушар болгон аялдарга алардын жашына, жынысына, расасына, динине, улутуна, этностук таандыгына, ден соолугунун абалына же башка өзгөчөлүктөрүнө карабастан бирдей жана адилет мамиле жасалууга тийиш.

***2 – «зыян келтирбе» ыкмасы:*** кызмат көрсөткөн органдар гендердик зомбулукка дуушар болгон аялдарга кошумча зыян келтирип албоо үчүн бардык зарыл болгон чараларды көрүшү керек.

Экинчилик же кайталанган виктимизация – бул милиция кызматкерлери жана алар жардам сурап кайрылган адистер тарабынан аялдарга

карата ылайыксыз жүрүм-туруму же сөздөрү, ошондой эле аялдардын зомбулуктун натыйжасында буга чейин туш келген азабын күчөткөн башка иш-аракеттер болуп саналат. Зомбулукка дуушар болгондугуна аял өзү күнөөлүү деген айыптоо буга мисал боло алат.

***Маанилүү! Дал ушул экинчилик басмырлоо жардам берүүгө милдеттүү болгондорго ишенимдин жоголушунун жана мындай жардамдан баш тартуунун көп кездешкен себептеринин бири болуп саналат.***

***3 – маданий өзгөчөлүктөрдү сактоого негизделген мамиле:*** гендердик зомбулукка дуушар болгон аялдар менен иштөөдө аларга регионалдык, этностук, диний, тилдик таандыгынан же башка маданий факторлордон улам таасир эткен маданий өзгөчөлүктөрдү билүү жана эске алуу зарыл.

Аялдарга карата зомбулукка каршы тиешелүү мыйзамдар милдеттүү түрдө аткарылышын камсыз кылуу, аялдарды зомбулуктан коргоо, анын ичинде зомбулуктун алдын алуу, күнөөлүүлөрдү жоопкерчиликке тартуу менен сот адилеттигин камсыз кылуу үчүн укук коргоо органдарынын натыйжалуу ишмердиги абдан маанилүү болуп саналат.

Сот адилеттиги жана укук тартибин коргоо жаатындагы негизги кызмат көрсөтүүлөр зомбулукка кабылган аялдардын укук коргоо органдары жана сот адилеттиги тутуму менен өз ара иштешүүсүнүн бардык аспектилерин – алгачкы байланышуудан же арыз берүүдөн тартып тийиштүү сот чечимдерине чейинки мезгилди камтыйт.

Аялдарга карата зомбулук фактылары аныкталганда ички иштер органдарынын кызматкери токтоосуз түрдө кылмыш иши боюнча сотко чейинки өндүрүштү баштоо үчүн рапорт даярдап, аны Кылмыштардын бирдиктүү реестрине каттайт.

# СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТЫН ТИЗМЕСИ


1. 2021-жылдын 5-майындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
2. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы №127 Жазык кодекси;
3. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы №129 Жазык-процесстик кодекси;
4. 17.03.2005-жылдагы №55 «Адамдарды сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
5. 2003-жылдын 15-апрелиндеги №74 «Кыргыз Республикасынын БУУнун Трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы конвенциясын ратификациялашы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-сентябрындагы №493 «Адамдарды сатуунун курмандыктарын кайра жолдоонун улуттук механизми жөнүндө» токтому;
7. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы № 60 «Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө» мыйзамы;
8. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-апрелиндеги №227 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-2025-жылдарга карата Кыргыз Республикасындагы адамдарды сатууга каршы күрөшүү боюнча программасы жөнүндө» токтому; Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 1-августунун № 390 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо тартиби жөнүндө» токтому;
9. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 55/25 резолюциясы менен 2000-жылдын 15-ноябрында кабыл алынган БУУнун Трансулуттук кылмыштуулукка каршы конвенциясы жана аны толуктаган эки Протокол: Адамдарды, айрыкча – аялдар менен балдарды сатуунун алдын алуу жана ага бөгөт коюу жана бул үчүн жазалоо жөнүндө протокол жана 200-жылдын 15-декабрында кабыл алынган Мигранттарды кургактык, деңиз жана аба менен мыйзамсыз алып кирүүгө каршы протокол.
10. Европа Парламентинин жана Европа Биримдиги Кеңешинин 2011-жылдын 5-апрелиндеги «Адамдарды сатуунун алдын алуу жана ага каршы аракеттенүү, жабыркагандарды коргоо жана ЕБ Кеңешинин 2002/629/ПВД Алкактык Чечимин алмаштыруу жөнүндө» 2011/36/ЕДБ директивасы.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АДАМДАРДЫ САТУУДАН ЖАБЫРКАГАНДАР МЕНЕН ИШ АЛПАРГАН КОММЕРЦИЯЛЫК ЭМЕС УЮМДАРДЫН ТИЗМЕСИ

| Уюмдун аталышы | Адамдарды сатуудан жабыркагандарга көрсөтүлгөн кызматтардын түрлөрү | Кызматкерлердин штаты | Жетекчи/ Байланыштагы адам | Байланыш маалыматтары |
|---|---|---|---|---|
| Чүй облусу жана Бишкек шаары | | | | |
| **«Сезим» кризистик борбору Коомдук бирикмеси (МЭУ түйүнү)** | • АСК үчүн Бишкек шаарындагы шелтер (АСКга зарыл болгон жардамды көрсөтүшөт)<br>• психологиялык жардам<br>• укуктук жардам<br>• социалдык жардам<br>• кийим-кечек жана тамак-аш азык-түлүгүн алууга жардам берүү | Психолог<br>Юрист-жактоочу<br>Социалдык кызматкер | Рыскулова Бүбүсара | Бишкек ш., Табышалиев көчөсү, 3<br>тел: +996 312 316466<br>сот: +996 555 508 029<br>sezim2008@gmail.com |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **«Чүй регионалдык өнүгүү жана окутуу борбору» Коомдук бирикмеси (МЭУ түйүнү)** | • психологиялык жардам<br>• укуктук жардам<br>• социалдык жардам<br>• кийим-кечек жана тамак-аш азык-түлүгүн алууга жардам берүү | Психолог<br>Юрист-жактоочу<br>Социалдык кызматкер | Асанова Бермет | Чүй району, Чүй айылы, Ибраимов көчөсү, 27<br>Моб.: +996 550 390453<br>chuy-tokmok@mail.ru<br>kemin2004@gmail.com |
| **«Арыш» коомдук бирикмеси (МЭУ түйүнү жана «Борбордук Азия кыймылда платформасы»)** | • психологиялык жардам<br>• укуктук жардам<br>• социалдык жардам<br>• кийим-кечек жана тамак-аш азык-түлүгүн алууга жардам берүү | Психолог<br>Юрист-жактоочу<br>Социалдык кызматкер | Айдаралиев Мааматкул | Бишкек шаары, Арча-Бешик, Чортеков көчөсү, 35-231<br>сот.: +996 772 232762<br>arysh.kg@mail.ru |
| **«Эл агартуу» Коомдук бирикмеси (АС каршы аракеттенүү боюнча БА түйүнү) Улуттук базанын төрагасы** | • психологиялык жардам<br>• укуктук жардам<br>• социалдык жардам<br>• кийим-кечек жана тамак-аш азык-түлүгүн алууга жардам берүү | Психолог<br>Юрист-жактоочу<br>Социалдык кызматкер | Тулегабылова Нуржан | Бишкек шаары, Чуйков көчөсү, 9<br>сот.: +996 558 878324<br>сое.:+996 555 750209<br>ngoelagartuu@gmail.com<br>nurjantulegabylova@gmail.com |
| **«Замандаш» «Кыргызстандыктардын жана мекендештердин эл аралык конгресси» Ассоциациясы** | • психологиялык жардам<br>• укуктук жардам<br>• социалдык жардам<br>• кийим-кечек жана тамак-аш азык-түлүгүн алууга жардам берүү | Психолог<br>Юрист-жактоочу<br>Социалдык кызматкер | Бусурманкулов Кадырбек | Бишкек шаары, 7 мкрн, 53/2<br>сот.: +996555424256<br>lola-2103@mail.ru |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **«Баланын укуктарын коргоочулардын лигасы» Коомдук фонду Өкмөткө караштуу Социал-дык коргоо жана баланын укуктары боюнча КК** | • психологиялык жардам<br>• укуктук жардам<br>• социалдык жардам<br>• кийим-кечек жана тамак-аш азык-түлүгүн алууга жардам берүү | Психолог<br>Юрист-жактоочу<br>Социалдык кызматкер | Турдубекова Назгуль | Бишкек шаары,<br>Эркиндик бульвары, 35 кв.41<br>сот.:+996 772398474<br>сот.:+996709862861<br>crdl2008@gmail.com |
| **«Прогресс Фонду» Коомдук фонду** | • психологиялык жардам<br>• укуктук жардам<br>• социалдык жардам<br>• кийим-кечек жана тамак-аш азык-түлүгүн алууга жардам берүү | Психолог<br>Юрист-жактоочу<br>Социалдык кызматкер | Токтоболотов Самат | Бишкек шаары,<br>Токтоналиев көчөсү, 103,<br>кеңсе 5/1 |
| **Кыргызстандын Кризистик борборлор ассоциациясы** | • психологиялык жардам<br>• укуктук жардам<br>• социалдык жардам<br>• кийим-кечек жана тамак-аш<br>• азык-түлүгүн алууга жардам берүү | Директор | Тюлекова Толкун Каныбековна | Бишкек ш., Киев көч. 27-үй,<br>401-батир,<br>тел.: +996 (312) 661592,<br>Эл. почта: association.kg@gmail.com |
| Талас облусу, Талас шаары | | | | |
| **«Айкөл жарандык демилгелерди өнүктүрүү борбору» Коомдук фонду (МЭУ түйүнү)** | • психологиялык жардам<br>• укуктук жардам<br>• социалдык жардам<br>• кийим-кечек жана тамак-аш азык-түлүгүн алууга жардам берүү | Психолог<br>Юрист-жактоочу<br>Социалдык кызматкер | Темирбекова Гульмира | Талас шаары, Бердике Баатыр көчөсү, 210<br>Тел.: +996 3422 53967<br>Моб.: +996 772 278228<br>cidcaikol@gmail.com |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Ысык-Көл облусу жана Каракол шаары** | | | | |
| **«Акцент» Коомдук фонду** | • укуктук жардам<br>• социалдык жардам | Түп району | Макарова Анна | Түп району, Түп айылы,<br>Комаров көчөсү, 6/11<br>Моб.: +996 772 205784,<br>+996 552 247772<br>makarova.kankon@gmail.ru |
| **«Данко» Коомдук фонду** | • кийим-кечек жана тамак-аш азык-түлүгүн алууга жардам берүү<br>• укуктук жардам<br>• социалдык жардам<br>• кийим-кечек жана тамак-аш азык-түлүгүн алууга жардам берүү | Юрист-жактоочу<br>Социалдык кызматкер | Садыков Александр | Балыкчы ш., Каралаев, көч., 1<br>Danko.bal@mail.ru |
| **Нарын облусу, Нарын шаары** | | | | |
| **«Нуржолбер» Коомдук бирикмеси (МЭУ түйүнү)** | • психологиялык жардам<br>• укуктук жардам<br>• социалдык жардам<br>• кийим-кечек жана тамак-аш азык-түлүгүн алууга жардам берүү | Психолог<br>Юрист-жактоочу<br>Социалдык кызматкер | Жумалиева Сүйүн | Нарын шаары, Мамбеталы уулу Таранчы көчөсү, 16<br>Тел.: +996 3522 50370<br>сот.: +996 778661165<br>nurjolber@mail.ru |
| **«Тынчтык» Коомдук бирикмеси (МЭУ түйүнү)** | • Убактылуу жашап туруу<br>• Укуктук жардам | Юрист | Ануркуль Окошева | Нарын шаары, Шадыманов көчөсү, 24<br>Тел.: +996 3522 51001<br>соб.: +996 0707622276<br>telman_76@mail.ru |

| Ош облусу жана Ош шаары | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **«Ош Аялзаты» аялдар демилгелеринин облустук борбору (МЭУ түйүнү)** | • психологиялык жардам<br>• укуктук жардам<br>• социалдык жардам<br>• кийим-кечек жана тамак-аш азык-түлүгүн алууга жардам берүү<br>• окууга жана ишке орношууга жардам берүү | Психолог<br>Юрист-жактоочу<br>Социалдык кызматкер | Ештаева Наргиза | Ош шаары, Ленин көчөсү, 205, кабинет №211<br>Тел.: +996 3222 55608<br>Моб.: +996 557 777405, +996 555 840109<br>ayalzat97@mail.ru |
| **«Ак-Жүрок» Кризистик Борбору Коомдук уюму** | • Ош шаарындагы АСК үчүн шелтер (АСКга зарыл болгон жардам көрсөтөт)<br>• психологиялык жардам<br>• укуктук жардам<br>• социалдык жардам<br>• кийим-кечек жана тамак-аш азык-түлүгүн алууга жардам берүү | Психолог<br>Юрист-жактоочу<br>Социалдык кызматкер | Асилбекова Дарийкан | Ош шаары, Ленин көчөсү 205, кабинет №210<br>Тел: +996 3222 45976,<br>Моб.: +996 779 231329<br>kjurok01@gmail.com |
| **«Улыбка» Коомдук фонду (МЭУ түйүнү)** | • психологиялык жардам<br>• укуктук жардам<br>• социалдык жардам<br>• кийим-кечек жана тамак-аш азык-түлүгүн алууга жардам берүү<br>• окууга жана ишке орношууга жардам берүү | Психолог<br>Юрист-жактоочу<br>Социалдык кызматкер | Умарова Эльмира | Ош шаары, Ленин көчөсү, 341, кв. 4<br>Тел.: +996 3222 29826<br>Моб.: +996 773 010015, +996 553 010015<br>ulybkakg@gmail.com ulybkakg@rmbler.ru |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **«Благодать» Коомдук фонду (МЭУ түйүнү)** | • психологиялык жардам<br>• укуктук жардам<br>• социалдык жардам<br>• кийим-кечек жана тамак-аш азык-түлүгүн алууга жардам берүү<br>• окууга жана ишке орношууга жардам берүү | Психолог<br><br>Юрист-жактоочу<br><br>Социалдык кызматкер | Шакирова Рахат | Ош шаары, Ленин көчөсү, 205, кабинет №213<br>Тел.: +996 3222 25257,<br>+996 3222 46611<br>Моб.: +996 555 834551<br>blagodatosh@rambler.ru,<br>blagodatosh@gmail.com |
| **Баткен облусу, Баткен жана Исфана шаарлары** | | | | |
| **«Инсан – Лейлек» Коомдук фонду (МЭУ түйүнү)** | • психологиялык жардам<br>• укуктук жардам<br>• социалдык жардам<br>• кийим-кечек жана тамак-аш азык-түлүгүн алууга жардам берүү<br>• окууга жана ишке орношууга жардам берүү | Психолог<br><br>Юрист-жактоочу<br><br>Социалдык кызматкер | Дербишева Гульнара | Лейлек району, Исфана шаары, Стадионная көчөсү, 1.<br>Тел.: +996 3656 50104<br>Моб.: +996 0770 691 184<br>insan.leilek.bk@gmail.com |
| **«Өмүр булагы» Коомдук фонду (МЭУ түйүнү)** | • психологиялык жардам<br>• укуктук жардам<br>• социалдык жардам<br>• кийим-кечек жана тамак-аш азык-түлүгүн алууга жардам берүү<br>• окууга жана ишке орношууга жардам берүү | Психолог<br><br>Юрист-жактоочу<br><br>Социалдык кызматкер | Мамбетова Токтокан | Баткен шаары, Файзуллаев көчөсү, 34<br>Моб.: +996 777 393077,<br>+996 559 724043,<br>+996 777 724043<br>kalybek2003@mail.ru |

| Жалал-Абад облусу жана Жалал-Абад шаары | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Аймира» Коомдук фонду (МЭУ түйүнү)** | • психологиялык жардам<br>• укуктук жардам<br>• социалдык жардам<br>• кийим-кечек жана тамак-аш азык-түлүгүн алууга жардам берүү<br>• окууга жана ишке орношууга жардам берүү | Психолог<br><br>Юрист-жактоочу<br><br>Социалдык кызматкер | Жолоева Нургуль | Жалал-Абад шаары, Токтогул көчөсү, 46-үй, кв.3<br>Тел.: +996 3722 25955<br>Моб.: +996 772 663122,<br>+996 552 663122,<br>+996 772 199591,<br>+996 551 919519<br>pf-aymira@mail.ru |

© Кыргыз Республикасында адамдарды сатуудан жабыркагандар менен иш алпарган коммерциялык эмес уюмдардын тизмеси Өкмөттүн 19.09.2019-жылдагы № 943 «Кыргыз Республикасындагы адамдарды сатуунун курмандыктарын кайра жиберүүнүн улуттук механизми жөнүндө» токтомун аткаруунун алкагында түзүлгөн.